# Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектебинин социалдык педагогунун 2021-2022-окуу жылынын 3-кварталдык отчету

28-январда 9-11-класстары менен биргеликте "Зомбулуксуз жашоо" деген темада лекция окулду дубал газеталар тартылып класстарга илинди.

18-февралда "Атам жана мен" аталышындагы 23-февраль Ата – Мекенди коргоочулар күнүнө карата 6-а,б 7-а,б класстын окуучулары аталары менен бирдикте спорттук мелдеш өтүштү.

Мелдешке 2 команда катышты.

1- Гимн аткарылып, командаларды тааныштыруу менен аттарын жакташты.

Ар бир командадан 10 окуучу бала 10 аталардан оюнга катышышты.

1-команда "Мурас"

2-команда "Менин атам"

Жыйынтыгында 2 команда бирдей упай топтоо менен тең чыгышты.

Ата-энелер тарабынан даярдалган громаталар жана балдарга кызыктыруучу сыйлыктар берилди.

10-мартта эрте турмуш курууну алдын алуу боюнча жана кыздардын өздүк гигиенасы боюнча лекция окулуп, тегерек стол өткөрүлдү. "Кыйын кыз" жана "Эркин кыз" аталышында викториналык суроолор берилип, оюндар ойнотулду.

15- мартта "Кургак учук айыгат!" деген темада окуучулар менен дарыгерлер тегерек стол өткөрүштү. Тема боюнча сүрөттөр даярдалып, презентация жасалды.

Врач Айгерим Акылбек кызы тема боюнча лекция окуп, окуучулардын суроолоруна жооп берди , жыйынтыгында кызуу талкуу болду.

31- мартта мигранттын балдарына жооптуу адамдар менен жолугушуу өткөрдүк, жыйынтыгында балдарга болгон жоопкерчиликти, зордук-зомбулукка кабылып калуусун алдын алуу максатын түшүндүрдүк.

31-мартта ата-энелер комиттери менен биргеликте “Түнкү өспүрүм” аталышындагы рейд жүргүздүк. Айылдагы дүкөндөрдүн сатуучуларына окуучу балдарга тамеки, насвай, спирт ичимдиктерин сатпоосун түшүндүрдүк

Ар бир айдын башында окуучуларга жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулар боюнча маалыматтар берилип турат.

Талантту балдар менен иштөө уюштурулган, ага мигранттын балдары, аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдар жана аярлуу катмардагы окуучулар катышат.

Социалдык педагог:__________________Жекшенбек кызы Айнура